КР УИАсынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, КРУИА корреспондент-мүчөсү искусство илимдеринин доктору, профессор Дж. Т. Уметалиеванын тарых илимдеринин доктору илимий даражасынын изденүүчүсү Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациясынын кол жазмасына берген

КОРУТУНДУСУ:

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиева тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган доктордук диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана жазылган диссертациянын мазмуну 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинде салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү материалдык жана руханий мурастардын бири болуп, кыргыздардын маданий-чарбалык жана социалдык байланыштары, алардын материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат берген баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Ошого карабастан кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү ушул убакка чейин атайын кыргыз этнология илиминде изилдөөнүн объектиси жана предмети болгон эмес. Кыргыздарда килем токуу жүрүмүндөгү көркөм-кооздук үлгүлөрү болгон килем көчөттөрүнүн семиотикалык эволюциясы дээрлик изилденбеген. Кыргыздардын жүндү иштетүүсү, салттуу килем токуу ыкмасынын көп кылымдык элдик билими, элдик тажрыйбанын жардамы менен ишке ашыруу багыттары, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, эстетикалык баалуулуктары, кыргыз элиндеги үй-бүлөнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү килем токуу учурундагы ага байланышкан кыргыздардын салттары алигиче этнология илиминде атайын өзүнчө изилдене элек. Бул эң алгачкы этнологиялык илимий эмгек.

Учурда кыргыздардын салттуу маданиятын анын ичинде килем токуу кол өнөрүнүн эволюциясын изилдөө аркылуу алардын чарбасынын,

ОК: Бикбулатова А. Р.

№ 07.22.674
9024/3 19.05.24

этносоциалдык жашоосун, карым-катнашын иликтөөгө мүмкүнчүлүк жаралганын да белгилеп кетүү керек. Ошону менен бирге сунушталып жаткан илимий иш боюнча азыркы мезгилге чейин атайын изилдөө иштери жүргөн эмес. Ошондуктан кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү, анын өнүгүшү, токуу ыкмалары ж.б. тууралуу комплекстүү эмгектин жазылышы илимий иштин актуалдуулугун көрсөтөт.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары**. Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы этнографиялык, этномаданий, этногенетикалык жана тарыхнаамалык илимий практикалык жыйынтыктар чыгарылган. Алар төмөнкүдөй белгиленген:

**1-жыйынтык:** Кыргыз элинин географиялык жайгашууларын, социалдык-экомикалык абалын жана чарба иштерин чагылдырган жана ага ылайыкташкан килем токуу кол өнөрчүлүгүн ар тараптан кароого аракет жасалган;

**2-жыйынтык:** Кыргыздардын салттуу килем буюмдары жана аны токуудагы курал-жарактардын колдонуу, аларды даярдоо ыкмасы изденүүчү тарабынан алгачкы жолу этнологиялык өңүттө изиллденди. Ийик, ийик таш, токмок, дүкөн жасоонун ыкмаларын автор реконструкциялоо ыкмасы менен изилдеген, диссертацияда кеңири жазгандыгы диссертациялык иштин жаңылыгы болуп саналат;

**3-жыйынтык:** Килем буюмдарынын утилитардык мааниси, алардын функционалдык багыттары, аталыштарынын семантикалык мааниси, буюмдардын келип чыгышын изилдөө менен бул кол өнөрчүлүктүн эрте орто кылымдарда эле пайда болгондугу жөнүндө кабар берет;

**4-жыйынтык:** Салттуу килемдин негизин түзгөн жүн жана анын түрлөрү, алардын кыркып алуунун жана токууга ылайыктап даярдоо ыкмалары алгачкы жолу терең изилденүүгө алынган;

**5-жыйынтык:** Салттуу килем токууга керектелүүчү жиптерди жасалышы, боёо жана килем буюмдарын токуу жүрүмү менен коштолгон каада-салт, үрп-адаттар, адеп ахлактык, маданий багыттагы ээлеген ордун ачып берүү аракеттери ийгиликтерди жараткан;

**6-жыйынтык:** Килем буюмдарын токуу ыкмалары, салттуу турмушта аларды колдонуу чөйрөсүн изилдөөгө алынган учурдагы айрым аймактарда бекем сакталгандыгы белгиленген. Килем буюмдарын колдонуу жана жасоо этносоциалдык жашоо турмуштун белгиси катары каралганына көңүл бурулган;

**7-жыйынтык:** Килемди .токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм-чийимдер кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары бар экендиги такталган;

**8-жыйынтык:** Кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө жүрүмүндө алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин орнаменттеринин семантикалык жана семиотикалык маңыздары алгачкы жолу изилденүүгө алынган;

**9-жыйынтык:** Кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу үй турмушунда салттуу килем токуучулуктун ролу, көп кылымдык этномаданий байланыштар жана коңшу элдердин килем токуу өнөрүндөгү көркөм салттарынын өз ара бири бири менен болгон таасири изилдөөгө ийилткүү алынган;

**10-жыйынтык:** Кыз балдарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоону аларды социалдаштыруунун жана элдик салттарды аныктаган жана изилдеген;

**4. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациялык ишинин жыйынтыктары, сунуштары кыргыз этнография илиминин өнүгүшүнө өз салымын кошо алат. Аталган диссертациялык иш боюнча бул мезгилге чейин үстүртөн гана маалымат түрүндо берилип, бирдиктүү талдоонун объектисине жана предметине алынбай келген.

Килем токуу кол онөрчүлүгү тууралуу маалыматтар XIX кылымдын аягында келе баштаган чет элдик окумуштуулардын жана саякатчылардын эмгектеринен гана учкай кезиккен. Ошондуктан изилдөөнүн деңгээли көптөгон эмгектерди, түрдүү багыттагы тарыхый булактарды талдап чыгууга түрткөн. Бул жагынан алганда белгиленген географиялык аймакта жашаган жүн сырьёсун берген малдын жаныбарлардын түрлөрү, аларды багуунун ыкмалары, жүн буласын, алардан жип даярдоо, чыйратуу, эшилтүү, килем токуу ыкмалары, ошону менен бирге аларга колдонулган ырым-жырымдар, пайдаланылган каада-салттар тууралуу талдоолору менен алардын практикалык жактары да бирге каралган. Диссертациялык иштин жүрүшүндө логикалык ырааттуулук сакталып, ички биримдиги бирин-бири толуктап, түрдүү илимий жыйынтыктарга ээ болгон жана туура багытты тандаганы көрүнүп турат.

**5. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

- килем токуу салты, андагы колдонулган негизги сырьёлор жана орнаменттер (оймо-чиймелер) кыргыздардын негизги чарбасынын маданий түрү мал чарбачылык, ал эми дыйканчылык менен алектенүү ага кошумча чарба экендигин далилдейт. Килем токуу жүрүмү жана токуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүнүн негизинде килем токуу кыргыздардын өздөрүндө пайда болгон жана өсүп-өнүккон өзгөчөлүктөрү менен башка элдердин килемдеринен айрымаланат. Мал чарба продукциясынын өндүрүлүшү (жүн), күндөлүк жашоо-турмуш, кошуна элдер менен ар кандай байланыштары кыргыздардын озүнө гана таандык килем токуу салтын пайда кылган;

-иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу изилдоо иштерин жазууда колдонула турган фактылык материалдардын бири болуп саналат. Маданият илимпоздорунун, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөо практикасында маанилүү жардамчы боло алат. Изилдөөнүн натыйжаларын килем токуу чеберлеринин практикалык иш-аракеттеринде колдонсо болот;

- жогорку окуу жайлар, илимий мекемелер үчүн колдонмолорду иштеп чыгуу, маданияттын тарыхы эле эмес этнология, кыргыз этнографиясы, Кыргызстан тарыхы, кыргыз элинин материалдык маданиятынын тарыхы предметтери үчүн окуу-методикалык колдонмо куралдарды жазуу үчүн пайдалуу. Кыргыз килем музейин уюштуруу, арт-студияларды уюштурууга, туристтер үчүн салттуу кол өнөрчүлүк очокторун, картасы жана сүрөттөрү менен туристтик-маршрут буклеттерди жасоодо, интерактивдүү көргөзмөлөрдү уюштурууга (окуучулар, туристтер, кызыгуучулар үчүн), жергиликтүү мамлекеттик органдарга, эл аралык уюмдарга бизнес-инкубаторлордү түзүүгө негиз боло ала турган колдонмолорду түзүүгө пайдалуу болот.

**6. Автореферттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Автореферттын мазмуну, түзүлүшү диссертациянын мазмунуна, түзүлүшүнө толугу менен туура келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук окшош резюмелер менен жабдылган. Талаптарга толук жооп берет.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы мүчүлүштүктөр жана изденүүчүгө сунуштар:**

1. Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын бир аз кеңейтүү менен кошумчаларды кошуу зарыл. Биздин оюбуз боюнча кыска жана тар берилип калган;
2. Теориялык бөлүгүндө кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн келип чыгышы, анын өнүгүшү тууралуу теорияны кеңейтип дагы бир жолу карап чыгуу;
3. Диссертациялык иштин тиркемесинде айрым сүроттөрдүн сапатына көңүл буруу (140-120-89-сүрөттөр);
4. Салыштырмалуулук ирээтинде кара-калпак элинин килем токуу өнорүн карап чыкса жакшы болмок;
5. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**8. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2009-ж.) эмгектенип, көптогөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап, семантикалык талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын аймагынан сырткары Россия Федерациясынын жана Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын музейлериндеги килем жана килем

буюмдары жөнүндө маалымат алып, аларды иш жүрүшүндө колдонууга аракет жасаган.

9. **Жетектөөчү мекеме жана оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөочу мекеме:** И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун “Кыргызстан тарыхы жана этнология” кафедрасы

**Расмий оппоненттерге:**

1.Калыш Аманжол Боранбайулы тарых илимдеринин доктору, профессор аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин Тарых факультетинин археология,этнология жана музеелогия кафедрасынын профессору.

2.Алымбаев Жээнбек Байыскулович Кыргыз-Түрк Манас университетинин (КТМУ) гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессору

**10.Диссертациялык кеңештин эксперттинин мүчөсүнүн сунушу:** Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясынын кол жазмасын корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сын пикир, жана сунуштарды эске алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылабыз.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
КРУИА корреспондент-мүчөсү
и.и.д., профессор: Дж. Т. Уметалиева

Кыргыз Республикасы
Кыргызская Республика
"Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын академик А.А. Алтмышбаев атындагы философия институту" мекемеси
ИНН 00704199710069
№
«11» 05 2024 ж.г.
город БИШКЕК шаары

Дж.Т. Уметалиеванын кол тамгасы анык
Кадрлар б-на иш.